КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ

# БУЙРУК

“____” ____________ 2026-ж №____ Раззаков ш.

## Кыргыз Республикасынын аймагында жарандык пиротехникалык буюмдарды жүгүртүү эрежелеринин аткарылышын камсыз кылуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-августундагы «Кыргыз Республикасынын аймагында жарандык пиротехникалык буюмдарды жүгүртүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» №534 токтомунун талаптарын Раззаков шаарынын аймагында аткарууга көмөктөшүү, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана пиротехникалык буюмдарды пайдаланууда мүмкүн болуучу терс кесепеттердин алдын алуу максатында **БУЙРУК КЫЛАМЫН:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-августундагы №534 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында жарандык пиротехникалык буюмдарды жүгүртүү эрежелеринин талаптары Раззаков шаарынын мэриясынын компетенциясынын чегинде жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Раззаков шаарынын мэриясынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү өз компетенциясынын чегинде:

- шаар аймагында пиротехникалык буюмдарды жүгүртүүгө жана пайдаланууга карата белгиленген талаптар жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- соода жүргүзүүчү субъекттерге пиротехникалык буюмдарды сатуу жана пайдалануу боюнча мыйзамдарда белгиленген талаптарга ылайык адистештирилген дүкөндөр аркылуу гана жүргүзүү жана сактоо зарылдыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- пиротехникалык буюмдарды пайдаланууда коомдук коопсуздукту жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнү уюштурсун.
- иш күндөрү саат 22:00дөн 07:00гө чейин, ал эми дем алыш жана майрам күндөрү саат 22:00дөн 09:00гө чейин үн басымынын жана ызы-чуунун

белгиленген деңгээлдеринен ашырууга жол берилбесин жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

3. Раззаков шаарынын аймагында жайгашкан соода жана тейлөө объекттеринин жетекчилерине жана жеке ишкерлерге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-августундагы №534 токтому менен бекитилген талаптарды так сактоо жагы эскертилсин.

4. Раззаков шаардык ички иштер бөлүмүнө жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин тиешелүү аймактык бөлүмүнө өз компетенцияларынын чегинде пиротехникалык буюмдарды жүгүртүү жана пайдалануу эрежелеринин сакталышын камсыз кылуу боюнча Раззаков шаарынын мэриясы менен өз ара аракеттенүү сунушталсын.

5. Мэриянын жооптуу түзүмдүк бөлүмү жүргүзүлгөн иштер боюнча маалыматтарды жалпылап, зарыл болгон учурда Лейлек райондук мамлекеттик администрациясына белгиленген тартипте маалымат берсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Раззаков шаарынын мэринин орун басары А.Т.Халмуратовго жүктөлсүн.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН